**“Компаньон Банкынын сомдук Visa Gold картасы менен кешбэкти нак акча түрүндө алыңыз” акциясы**

| | | |
|---|---|---|
| **1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР** | | |
| **1.1.** | **Уюштуруучу** | “Компаньон Банкы” ЖАК (кийинкиде Банк) |
| **1.2.** | **Өткөрүү мезгили** | Башталуу мезгили: **2026-жылдын 18-майы**<br>Аяктоо мезгили: **2026-жылдын 31-июлу** |
| **1.3.** | **Катышуучулар** | • Акцияга бардык физикалык жактар катыша алат – Кыргыз Республикасынын жарандары жана резидент эмес жактар.<br>• Акциянын катышуучулары болуп Компаньон Банкынын сомдук Visa Gold картасы менен накталай эмес эсептешүүнү жүргүзгөн Банктын кардарлары эсептелет.<br>• Акцияга катышуу кардар биринчи операцияны жүргүзгөн учурдан баштап автоматтык түрдө саналып баштайт. Бирок жүргүзүлгөн операция акциянын шарттарына туура келиши керек.<br>• Банк айрым кардарлар үчүн акцияга катышууга кошумча талаптарды киргизүүгө укуктуу. |
| **1.4.** | **Терминдер жана аныктамалар** | Бул документте төмөнкү терминдер колдонулат:<br>• Банк — “Компаньон Банкы” ЖАК.<br>• Кардар — Банк чыгарган Visa картасынын ээси болгон физикалык жак.<br>• Карта — Банк чыгарган Visa төлөм картасы.<br>• Кешбэк — акция учурунда карта аркылуу өнүм жана кызмат үчүн аткарылган төлөм үчүн кардарга чегерилген каражат.<br>• Категория — Банк тарабынан соода жана тейлөө ишканаларынын MCC коддору аркылуу аныкталган операциялар тобу. Алар боюнча кешбэк чегерилет.<br>• MCC код (Merchant Category Code) — банк эквайр тарабынан ыйгарылган жана соода жана тейлөө ишканасы алып барган иштин түрүн аныктаган төрт сандуу код.<br>• Соода жана тейлөө ишканасы (СТИ) – эквайр менен түзүлгөн келишимге жараша банктын картасы аркылуу өнүм жана кызматтар үчүн төлөмдү кабыл алган жана төлөмдүн ийгиликтүүлүгүн тастыктаган документти берген юридикалык жак же жеке ишкер.<br>• Банк-эмитент — банк картасын төлөм системасынын талаптарына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чыгарган “Компаньон Банкы” ЖАК.<br>• Банк-эквайер — POS-терминалдар ж.б. төлөм түзмөктөрү аркылуу төлөм кабыл алуу жана банктык карталар аркылуу жүргүзүлгөн операцияларды камсыз кылган финансылык уюм (МФУ или МКУ). |
| **2. КЕШБЭКТИ ЧЕГЕРҮҮ, КОЛДОНУУ ЖАНА ТҮЗДӨӨ ШАРТТАРЫ** | | |
| **2.1.** | **Кешбэкти чегерүү категорияла** | **2.1.1.** Кешбэк төмөнкү категориялар боюнча гана чегерилет:<br>• Банк өзү аныктаган категория;<br>• Кардарларга автоматтык түрдө чегерүү; |

| | | |
|---|---|---|
| | **ры жана шарттары** | • бир айдын ичинде жеткиликтүү.<br>**2.1.2.** Бир айдын ичинде кардарга жеткиликтүү категориялардын саны 3 кем эмес болот. Бирок Банк өзүнүн чечими менен категориялардан санын өзгөртүүгө укуктуу.<br>**2.1.3.** Кешбэктин көлөмү Банк тарабынан ар бир категория үчүн өзүнчө тандалып алынат жана Акциянын шарттарына жараша айырмаланышы мүмкүн.<br>**2.1.4.** Кардар категорияны өз каалоосу менен тандабайт. Иштеп жаткан категориялар жана кешбэктин көлөмү тууралуу маалымат кардарга мобилдик тиркеме аркылуу же/жана башка расмий каналдар аркылуу жеткирилет. |
| **2.2.** | **Кешбэкти чегерүү тартиби** | **2.2.1.** Кешбэк Компаньон Банкынын сомдук Visa Gold картасы менен өнүм жана кызмат үчүн Кыргыз Республикасынын ичинде жана чет мамлекетте төмөнкү жолдор аркылуу төлөм жүргүзүлгөн учурларда чегерилет:<br>• POS терминалдар же башка СТИ төлөм түзүмдөрү аркылуу физикалык карта менен төлөм жүргүзүү;<br>• Интернет сатып алуулары үчүн төлөм жүргүзүү үчүн;<br>• Операциялар акциянын категорияларына туура келген учурда.<br>**2.2.2.** Кешбэк төлөм операциясы жүргүзүлгөндөн кийин чегерилет жана Банктын мобилдик тиркемесинде “Кешбэк” бөлүмүндө көрүнүп турат.<br>**2.2.3** Кешбэк Кыргыз Республикасынын валютасында чегерилет жана саналат.<br>**2.2.4.** Бир календарлык айдын ичинде кардар топтой ала турган кешбэктин максималдуу көлөмү 1 000 сом. |
| **2.3.** | **Кешбэкти колдонуу жана чыгарып алуу** | **2.3.1.** Чегерилген кешбэктин минималдуу суммасы 100 сомго жеткенде кардар аны нак акча түрүндө чыгарып алууга укуктуу.<br>**2.3.2.** Каалаган учурда кардар кешбэктин толук суммасын накталай чыгарып алууга мүмкүнчүлүгү бар.<br>**2.3.3.** Кешбэк кардардын каалоосу менен:<br>• өзүнүн жеке картасына;<br>• талап боюнча эсепке;<br>• электрондук капчыкка чегерилиши мүмкүн. |
| **2.4.** | **Акцияга катышпаган операциялар** | **2.4.1.** Кешбэк төмөнкү операцияларга чегерилбейт:<br>• QR боюнча төлөмдөр, анын ичинде Банктын мобилдик тиркемеси аркылуу;<br>• акча которуулар менен байланыштуу операциялар;<br>• MCC коду боюнча Банктын акциясына катыша албайт деп табылган операциялар.<br>**2.4.2.** Банк акцияга катышуудан четтетилген MCC коддорун бир тараптуу өзгөртүүгө укуктуу. Кардарларга бул тууралуу маалымат Банктын расмий каналдары аркылуу жеткирилет. |

БАНК КОМПАНЬОН

| | | |
|---|---|---|
| **2.5.** | **Кайтарып берүү жана түзөтүү** | **2.5.1**. Өнүм кайтарылып берилген же операция жокко чыгарылган учурларда Банк чегерилген кешбэкти жокко чыгарууга укуктуу.<br>**2.5.2.** Кешбэк ката чегерилген, техникалык ката кеткен же ката чегерилген учурларында Банк кешбэкти түзөтүүгө укуктуу. |
| **3. КАТЫШУУ ШАРТТАРЫ, ЧЕКТӨӨЛӨР ЖАНА БАНКТЫН УКУКТАРЫ** | | |
| **3.1.** | **Чектөөлөр жана адилетсиз колдонуу** | **3.1.1.** Кешбэк кардар акцияны адилеттүү колдонгондо чегерилет.<br>**3.2.2.** Кардар тарабынан жеке пайда көрүү үчүн жасалган операциялар аныкталып чыккан учурда Банк кешбэкти чегерүүдөн же болбосо чегерилген кешбэкти жокко чыгарууга укуктуу.<br><br>Ага төмөнкү операциялар кирет:<br><br>• жалган жана реалдуу өнүм жана кызмат сатып алуу менен байланышпаган, кайталанган операциялар;<br>• операцияларды бөлүп өткөрүү;<br>• Акцияны ишкерлик максатта колдонуу;<br>• ж.б. акциянын шарттарына туура келбеген аракеттер.<br>**3.2.3**. Операцияларды адилетсиз деп табуу Банк тарабынан жеке түрдө кабыл алынат жана ички процедураларга жана анализке байланыштуу болот. |
| **3.2** | **Банктын укуктары** | Банк төмөнкүлөргө укуктуу:<br>**3.2.1.** Акциянын шарттарына өзгөртүүлөрдү киргизүү, анын ичинде категорияларга, кешбэктин өлчөмүнө жана лимиттерге.<br>**3.2.2.** Жарым-жартылай же бүтүн Акцияны убактылуу жана толугу менен токтотуу.<br>**3.2.3.** Бул эрежелерде көрсөтүлгөн учурларда кешбэкти чегерүүнү токтотуу же жокко чыгаруу. |
| **4. АКЦИЯНЫ ӨТКӨРҮҮ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТЫ ЖАЙЫЛТУУ** | | |
| **4.1.** | **Каналдар** | Акциянын шарттары, жыйынтыктары, жарыялары, жарнамалык материалдар төмөнкү каналдар аркылуу жарыяланат:<br><br>• Банктын расмий веб-сайты www.kompanion.kg;<br>• Банктын социалдык тармактардагы расмий интернет-аккаунттары (Facebook, Instagram);<br>• Маалыматтык-көңүл ачуу интернет-сайттары жана Банктын өнөктөштөрүнүн сайттары жана алардын социалдык тармактардагы интернет-аккаунттары;<br>• Башка бардык маалымат каражаттары.<br><br>**Суроолор боюнча Кардарларды колдоо кызматынын номерлерине кайрылса болот: 0312 33 88 00, 88.00.** |

БАНК КОМПАНЬОН®

**1-тиркеме – Кешбэк Акциясына катышпаган МСС коддорунун тизмеси**

| MCC код | Аталышы |
|---|---|
| **763** | Айыл-чарбалык кооперациялык коомдору |
| **4112** | Пассажирские железнодорожные перевозки |
| **4214** | Оор жүк ташуу кызматтары |
| **4812** | Телекоммуникациялык жабдуулар |
| **4813** | Телекоммуникациялык кызматтар |
| **4814** | Атайын тузмөктөрдү колдонуу менен аткарылган телефондук кызматтар |
| **4829** | Акча которуулар |
| **4900** | Коммуналдык кызматтар (электр энергиясы, газ, суу, тазалыкты сактоо) |
| **5211** | Курулуш жана чарба дүкөндөрү |
| **5511** | Жаңы унаа сатуу |
| **5521** | Колдонгон унааларды сатуу |
| **6012** | Финансылык ишканалар — соода жана тейлөө операциялары |
| **6050** | Кредиттик уюмдар — квази-кэш |
| **6051** | Чет элдик валюта, жол чектери, которуулар |
| **6211** | Баалуу кагаздар менен иштеген брокерлер жана дилерлер |
| **6513** | Турак жай агенттиктери |
| **6529** | Финансылык уюмдар |
| **6530** | Финансылык операциялар — мурда төлөм жүргүзүлгөн карталар |
| **6531** | Финансылык мекеменин ичинде жүргүзүлгөн операциялар |
| **6532** | Финансылык мекеменин пайдасына жүргүзүлгөн төлөмдөр |
| **6533** | Акча которуулар |
| **6534** | Акча которуулар |
| **6536** | Кредиттик уюмдар |
| **6537** | Акча которуулар |
| **6538** | Картадан жүргүзүлгөн которуулар |
| **6539** | Финансылык операциялар |
| **6540** | Идентификацияланбаган финансылык операциялар |
| **7299** | Башка жеке кызматтар |
| **7372** | Программалоо жана маалыматты иштетүү боюнча кызматтар |
| **7995** | Кумаркана, кумар оюндары |
| **8999** | Башка кесиптик кызматтар |
| **9211** | Соттук жана мамлекеттик жыйымдар |
| **9222** | Айып пул |
| **9223** | Күрөө жана милдеттенмелер |
| **9311** | Салык төлөмдөрү |
| **9399** | Мамлекеттик кызматтар, классификацияланбаган |
| **9402** | Почта кызматтары (мамлекеттик) |